УДК 581.5:582.4

# ШААРЛАРДЫ ЖАШЫЛДАНДЫРЫП КӨРКТӨНДҮРҮҮДӨ ДЕКОРАТИВДИК ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ӨСТҮРҮҮНҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК МААНИСИ
# ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ В ВЫРАЩИВАНИИ ДЕКОРАТИВНЫХ РАСТЕНИИ В ОЗЕЛЕНЕНИИ ГОРОДОВ
# ECOLOGICAL IMPORTANCE IN THE CULTIVATION OF ORNAMENTAL PLANTS IN URBAN GREENING

***Турдубаева М. – окутуучу, ЖАМУ ТИПФ***

***Аннотация:*** *Макалада шаарларды жашылдандырып көрктөндүрүү иш-чараларында вертикалдуу жашылдандыруунун жана шилбилердин чарбалык мааниси, пайдалуу жактары, дарылык касиеттери жөнүндө жазылган.Шилбилердин кээ бир түрлөрүнүн органдарында витаминдер жана микроэлементтер көп экендиги жөнүндөгү маалыматтар айтылган. Дагы бир негизги мааниси кооздук үчүн өстүрүлүүсү белгиленген.*

***Аннотация:*** *В статье написаны о мероприятиях по озеленению, укращению городов, о хозяйственных значениях, полезных сторонах, лекарственных свойствах жимолости. Есть информация о том, что в органах некоторых видов жимолости имеются много витаминов и микроэлементов, и одно еще основное значение отмечено в выращивании их для красоты.*

***Annotation:*** *the article is written about the activities of gardening, decorating cities, economic values, useful aspects, medicinal properties of honeysuckle. There is information that in the organs of some types of honeysuckle there are many vitamins and minerals, and one more main value is noted in growing them for beauty.*

***Ачкыч сөздөр:*** *жашылдандыруу, шилби, биомасса, витамин, пектин, эрозия, экология.*

***Ключевые слова:*** *озеленение, жимолость, биомасса, витамин пектин, эрозия, экология.*

***Key words:*** *gardening, honeysuckle, biomass, vitamin, pectin, erosion, ecology.*

Адамдын организми климаттык жана микроклиматтык шарттардын өзгөрүүсүнө абдан сезимтал келет. Бул шарттарды негизги элементтерин жылуулук режими, нымдуулук жана абанын кыймылдуулугу түзөт. Акыркы мезгилдерде, айрыкча, шаарларда жана калктуу пунктарда микроклиматтык шарттын бара –бара начарлап бараткандыгы айтпаса да белгилүү. Себеби, шаар- бул адамзаттын бардык кылган эмгегинин, жараткан нерселеринин күзгүсү, цивилизациянын негизги очогу болуп саналат.Учурдагы урбанизация процесси антропогендик ландшафты жаратты. Ал эми дүйнөлүк калктын 70 % ден ашууну экологиялык шарты начар, өнөр жайлуу шаарларда жашашат.[1]

Бул процесс бара-бара табигый жаратылыштын, же тагыраак атканда жашыл тилкелердин маанисин абдан жогорулатты. Айтылган шаардын микроклиматын жумшартуучу, тазалоочу жана калыбына келтирүүчү табигый чаң соргуч катары дарак бадалдардын мааниси чоң экени бизге илгертеден эле маалым.

Албетте, шаарлар канчалык өтө кооз архитектуралык чеберчиликте жасалгаланбасын, аны жашыл бак-дарактарсыз элестетүү кыйын. Ошондуктан, шаарларды жашылдандыруу бара-бара жогорку мааниге ээ болуп бара жатат.[2]

Көпчүлүк шаарлардын жашылдандыруу иш-чараларынын мүнөздүү бир нече кемчиликтери бар. Алардын негизгилеринин бири болуп вертикалдуу жашылдандыруунун жоктугу болп эсептелет. Бул жагдай өзгөчө республиканын түштүк аймактарындагы шаарларда ачык байкалат. Мисалы, Ош, Жалал-Абад, Кызыл-Кыя, Ноокен жана Таш-Көмүр шаарларынын жашыл массивдери кай бир мезгилдерден бери системасыз жайгаштырылганынан сырткары, вертикалдуу жашылдандыруунун таптакыр жок экендигин белгилесе болот.Себеби, санитардык –гигиеналык нормативдерде атайын орто өнөр жайлуу шаарлар үчүн ар бир адам башына 25 чарчы метрден кем эмес жашылдандырылган аймак болуш керектигин аныктаган.

Мына ошондо гана,ар бир шаардык жашоочунун нормалдуу иштөөсүнө, дем алуусуна жана жашоосуна шарт түзүлөт. Бирок, көпчүлүк шаарларда жердин тардыгынанбы же көңүл бөлүнбөгөндүктөнбү, бул маселе таптакыр эске алынбайт.

Вертикалдуу жашылдандыруунун мааниси айрыкча көп аянтты талап кылбагандыгында жана айлана-чөйрөнүн микроклиматын жөнгө салууда дарак – бадалдардан кем эмес кызмат аткаргандыгында.

Мисалы, вертикалдуу жашылдандыруу төмөндөгүдөй бир нече маанилүү функцияларды аткарат:

1. Курулуштун декоративдүү кооздугун арттырат;
2. Турак-жайларды ашыкча ысып кетүүдөн, чаң болуудан жана ультрафиолеттик нурлардан сактайт;
3. Жашылдандырылган чөйрөнүн аянтын бир нече эсе чоңойтот;
4. Абаны кычкылтек менен байытып, микроклиматты жакшыртат;
5. Фауна үчүн жаңы экологиялык мейкиндикти жаратат.[3]

Вертикалдуу жашылдандырууда колдонулуучу негизги өсүмдүк катары асылып өсүүчү чырмоок, роза, лиандын түрлөрү, хмель, жимолость (шилби) жанакыркылган дарактар алынышы мүмкүн. Бул ландшафтын дизайны илгертеден эле белгилүү, мисалы, “дүйнөнүн жети керемети” жазууларынын биринде б.з.ч. IX кылымда Семирамиддин ассириялык падышасы өзүнүн асма багында лианды колдонгондугу тууралуу жазылат.

Бирок, бардык вертикалдуу жашылдандырууда колдонулуучу өсүмдүктөрдүн курамы, экологиялык- биологиялык касиети жана декоративдүүлүк сапаты боюнча кескин айрымаланышат. Ушул өзгөчөлүктөрүнө маани берилбегендиги, өсүмдүктөрдү чар жайыт отургузуу, отургузулган өсүмдүк материалынын ысыраптуу пайдаланышы жалпы жашылдандырылган аянттын эксплуатациялык жана көркөм - кооздук сапатынын төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Жашылдандырып-көрктөндүрүүдө колдонулуучу өсүмдүктөр дүйнөсү дарактардын, бадалдардын жана чөп өсүмдүктөрүнүн бир нече түрлөрүн, түрчөлөрүн жана формаларын камтыгандыктан, алардын касиети, сапаты жана декоративдик өзгөчөлүктөрү өтө түрдүү келет. Мына ушул себептен көрктөндүрүүнүн аныкталуу маселесин чечүүдө ар бир өсумдүктүн экологиялык, биологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү гана эмес, ошону менен бирге өсүмдүктөрдү топтоштуруунун жана сарамжалдуу тандоонун системасын, алардын чарбалык маанисин, пайдалуу жактарын, дарылык касиеттерин жана обьективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүү да абдан зарыл.

Мисал катары, шилбинин (жимолость) түзүлүшү, чарбалык жана декоративдик маанисин карап көрөлү:Жалбарагы - жөнөкөй, сүйрү, туташ жайгашат; Гүлү -ак, сары, кызгылт же кызыл түстүү, жуптан жайгашат, айрымлары төгөрөк; Мөмөсү- ширелүү жемиш. Дүйнөдө 200 дон ашык, КМШда 50, Кыргызстанда 20 дай түрү белгилүү. Көбүнчө токойдо же ачык тоо беттеринде өсөт. Кадимки шилби россиянын Европа бөлүгүндө, Чыгыш Сибирде. Татар шилбиси Волгадан Енисейге чиейин, Көгүш шилби Карпат тоолорунда өсөт.Шилбинин жыгачы катуу, түрдүү иштерге керектелет.

Дары –дармек жасоодо пайдаланылат. Кооз жана жармашып өсүүчү түрү кооздук жана жашылдандыруу үчүн өстүрүлөт[8].

Орто Азия шарттарында кездешкен флоранын өкүлдөрүнүн генезиси толугу менен изилденген деп эсептөөгө болбойт. Көпчүлүк изилдөөчүлөрдүн ою боюнча, (Коровин, Закиров, Головка) биздин аймак ар түрдүү флоралардан миграцияланууучу жолдо жайланышып, натыйжада анын курамы гетерогендүү болуп саналат. Региондо кездешкен кээ бир систематикалык топтор, эволюциялык келип чыгуусу өтө байыркы болуп, көпчүлүк примитивдүү түрлөрү менен мүнөздөлөт[7].

Кыргызстанда бадалдардын 260 түрү, жарым бадалдардын 119 түрү кездешет. Өсүмдүктөр жашыл катмар катары биомассаны пайда кылуучу, ошондой эле эл чарбасында мөмө берүүчү, дарылык, азык заттык, техникалык материалдарды алуучу, эфир майын алууда мааниси чоң.

Н.И.Вавилов изилдеп айткандай, Кыргызстандын тоолуу өсүмдүктөрүндө көп байлыктар камтылган. Бирок жергиликтүү түрлөрдүн өзгөчөлүктөрү (морфогенез, суукка туруктуулугу жана ысыкка чыдамдуулугу) алардын кооздугу жана башка касиеттери менен аларды коргоо максатында пайдалануу мүмкүнчүлүгү изилденбей калып кеткен. Ошол эле кезде кеңири экологиялык (температуралык, климаттык жана топурактык) амплитудаларда чөлдөрдөн тартып бийик тоолуу зоналарга чейин таралып, алар өзгөчө полиморфтуу болушкан жана ошол жердеги жагымсыз жашоо шартка ыңгайлануусу менен мүнөздөлөт. Мындай түрдүү климаттык, географиялык зоналардагы кездешкен өсүмдүктөрдүн ички, сырткы түзүлүштөрүн үйрөнүү XIX кылымдан бери жүргүзүлүп келе жатат. (G.Bonnier 1887, 1888; Баранов 1925; Василевская 1941,1950, 1965; Струмпер 1899; Иванская 1962, 1975 ж.б.)[5]

Белгилеп кетүүчү нерсе изилдөөчүлөрдүн арасында бул же тигил органдын өзгөрүү багыты жөнүндө бирдиктүү пикир жок. Андан сырткары кар көчкүлөрдөн, жер көчкүлөрдүн ж.б. табият кырсыктарынан, нымдуулукту сактоочу, эрозияга каршы функцияны да аткарат.

Кыргызстанда бул өсүмдүктөрдү изилдөө иштери өтө аз жүргүзүлгөн. Шилбилерди да пайдаланууну жолго койсо, жакшы натыйжаларды алса болот.

Кыргызстанда деги эле көптөгөн өлкөлөрдө шилбилерди кооздук үчүн өстүрүү аябай жакшы жолго коюлган. Биздин шартка кыштын ызгаарына чыдамдуу болгондугуна байланыштуу, кеңири өстүрүлөт. Анын сабагынын кабыгы калың, ошондуктан адамдар жээктерди тосууда колдонушат. Топурактын суу жана шамал эрозиясынан жер кыртышын коргойт, дарыялардын жана каналдардын жээктерин сактап, суунун агымын жөнгө салып турат. Топурактын гумустуулугун арттырып физикалык касиетин жакшыртат. Мектептердин, ооруканалардын, парктардын, үйлөрдүн айланасында жана суунун жээктеринде өстүрүлөт. Кооз өсүмдүктөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң. Шилбилердин түрлөрүн адам баласы жашоо тиричилигинде максаттуу пайдаланышат. Жер шаарындагы баардык кездешкен жандуу жана жансыз заттарды адам баласы өзүнүн тиричилигинде сырье катары пайдалангандыгы айдан ачык. Демек, шилбилер дагы керектүү сырьенун катарын толуктап турушат. Ыракат алуу үчүн гана эмес, пайда алуу үчүн да колдонсо болот.

Организмге өтө чоң пайда алып келет. Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча шилбилердин мөмөсүндө антирадиациялык касиети бар. Шилби чоң сандагы пектин затын кармайт. Организмдеги ашыкча керексиз, зыяндуу заттарды сыртка бөлүп чыгарат. Демек башка материалдык сырьелордун катарын толуктап турушат, элдик медицинада бирканча жылдар мурун эле белгилүү болуп колдонуп келишкен. Шилбинин мөмөсүндө дарылык касиеттери бар. Мөмөсүнөн биохимиялык изилдөөлөрдөн, шилбилерде витаминдер жана

микроэлементтер көп экендигин көрсөтүлгөн. Мөмөсүнүн өтө баалуулугу, эрте жайда мөмө берүүсүндө жана анын составында глюкоза, фруктоза, галактоза, сахароза жана рамноза ж.б. углеводдорду кармагандыгында турат. [8]

Түрдүү ооруларга дары катарында же адамга пайдалуу бөлүгү- гүлү, уругу, тамыры, жалбырагы колдонулган. Өзгөчө боор жана ашказан ооруларына дарылык катары колдонсо болот. Кум шекер кошулбаган кыямын күнүгө эрте менен бир чай кашык жеп турса, кан басымынын көтөрүлүшү (гипертонияга) жана түшүүсүнө өзүнүн жакшы таасирин тийгизет.. Шилбинин мөмөсү өтө даамдуу жана пайдалуу. Шилбинин мөмөсүнөн жасалган кыямы көптөгөн ооруларга пайдалуу. Мисалы: бронхит, суук тийгенге, ангинага, гриппке (сасык тумоого) жана дем алуу органдарына, ашказан, бөйрөк, боорго өтө пайдалуу. Шилбинин мөмөсүнөн даярдалган кыямын үзбөй ичүү мээнин иштөөсүн жана эске тутууну жакшыртат. Азия өлкөлөрүндө бул өсүмдүктү канча миң жылдан бери медицинада колдонуп келишет. Шилби суук тийгенге, бактерияларды өлтүрүүчү, кубат берүүчү, ооруларды басаңдатуучу, заара айдоочу жана ысытманы түшүрүүчү касиетке ээ. Бул өсумдүк артериялык басымды түшүрүүгө колдонулат. Сабагынан даярдаган кайнатманы жаңы башталган муун ооруларына, Свинка (тепки оорусу), гепатит ооруларына карата ичкенге болот. Сабагын күзүндө жана кышында жыйнап алып колдонордун алдында кургатып алат. Гүлүнөн жана сабагынын кайнатмасын дем алуу, ич өткөк ооруларына даары катары колдонулат. Бучүрүнүн тундурмасы шишиктерге, тери жараларына колдонулат. Шилбинин гүлүнөн алынган суюктуктан кандын составындагы халестеринди азайтууда, теридеги майда ысыктарга жардам берет. Гүлү эрте менен эрте ачыла электе жана кургай электе чогулат. Кыта элдик медицинасы башка даары чөптөр менен бирге да колдонушат. Биздин элибиз да анын мөмосүн максаттуу пайдаланышат. Мунун ширеси аябай коюу жана кочкул кызыл, сыя түскө ээ. Даамы өтө кычкыл, кыямы жана башка продукция алууда кумшекерди көп пайдаланууга туура келет. Дагы бир мааниси: башка өсүмдүктөрдөй эле, өзүнүн биринчилик кызматы абаны тазалоо, кычкылтекти болуп чыгаруу кызматын да аткарат. Биздин тоолуу шартта мал чарбачылыгында алынган кой-эчки жүндөрүн жумшартуу же пайдаланууга даярдоодо жүн сабоо катарында сабагын колдонушат. Шилбилердин сабактары түз жана өтө бышык жылмакай болуп өсөт.. Шилби кайсы жерде анча бийик эмес узундукта өссө, анын баалуулугу жогору. Бактарда, парктарда өсүмдүк ресурстары сакталып, селекциянын жардамы менен өсүмдүктөрдүн сорттору толукталып турат.[6]

Айыл чарбалык мааниси да өтө чоң. Мисалы, имараттарды ным болуп кетүүдөн жана ысып кетүүдөн сактайт. Санитардык-гигиеналык мааниси да бар. Суук шамалдан коргоп, жайкысын чаңдан коргойт. Көпчүлүк өсумдүктөр, адамдар жашаган кварталдарды ар кандай ызы-чуудан сактайт. Коздук үчүн өстүрүлүүчү өсүмдүктөрдү көбүнчө жапайы түрлөрү колдонулат. Жалпы пайдалануучу жашыл-өсүмдүктөргө –шаар парктары, гүлзарлар, бульварлар, көчөлөр, токой парктары кирип элдер үчүн кызмат кылат. Чектелген жашыл өсүмдүктөргө- атайын аталган белгиленген жерлер гана атайын өстүрүлөт. Шилбилер мына ушундай өсүмдүктөргө кирип мектеп бактарында, ооруканаларда, мекеме ишканаларда кеңири өстүрүлөт.

Жалпылап айтканда, жогоруда белгиленген маселелер Түштүк Кыргызстандын шаарларын жана калктуу пункттарын жашылдандырууда чечилбеген актуалдуу маселе бойдон калууда Жогоруда айтылгандай жашылдандыруу иш-чараларында дарак бадалдарды жана чөп өсүмдүктөрүн бир тараптуу баалабастан, экологиялык, эстетикалык, функционалдык ж.б. касиеттерин жана сапттарын бири бирине айкалыштырып тигүү учурдун талабы болуп саналат. Дүйнөлүк прогресстен артта калбай, урбанизация процесси бизде да тынымсыз өсүп бараткандыгы байкалууда. Илгертен калыптанып калган түштүгүбүздүн шаарларын кайрадан, түп тамырынан бери өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк аз

болсо да, улам жаңы түшүп жаткан кичи райончолорду жашылдандырып көрктөндүрүүдө өсүмдүктөрдүн экологиялык, функционалдык эстетикалык жана башка көптөгөн шарттарын эске алуу менен заманбап долбоорлорду ишке ашырсак. Мындай иш-чараларды ишке ашырууда вертикалдуу жашылдандыруу өзүнүн бир кыйла эффективдүүлүгүн берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Лаппо Г.М. География городов. М.:ВЛАДОС, 1997. С.27-31.
2. Северин С.И. Комплексное озеленение в благоусройстве городов. Киев, 1975. с.43- 49.
3. Рубцов А.И. Проектирование садов и парков. М.,1973.
4. Красная книга Киргизской ССР.-Фрунзе: изд. Кыргызстан, 1985.
5. Васильев Б.Р. Строение листа древесных растений различных климатических зон.-Л.: 1988.-208с
6. Флора Кирг ССР. –Фрунзе, 1962. С.293-315
7. Попов М.Г. Дикие плодовые деревья и кустарники Средней Азии.-М., 1929. -241-483 с.
8. Куклина А.Декоративные жимолости//Наука ижизнь. 2006.-№6. 141-144 с